УДК 371.302.2:894.

Алимбеков А.
Кыргыз-Түрк «Манас» университети

# ЖОГОРКУ ПЕДАГОГИКАЛЫК ОКУУ ЖАЙЛАРДА ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАЗМУНУН ИШТЕП ЧЫГУУНУН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ.

*Макалада жогорку педагогикалык окуу жайларда болочок мугалимдерди этнопедагогикалык ишмердүүлүккө даярдоонун принциптери, мыйзам ченем-дүүлүктөрү каралган.*

Жогорку педагогикалык окуу жайларда этнопедагогикалык билим берүүнүн түпкү максаты - болочок мугалимдердин этнопедагогикалык ишмердүүлүккө даярдыгын камсыз кылуу. **Этнопедагогикалык даярдык -** бул тарыхый эс тутуму, инсандык нарк нускасы жетик, өз улутунун руханий дөөлөттөрүнө сыйчыл мамилеси, аны өздөштүрүү дымагы жогору, өзүн өткөн менен келечекти туташтырып туруучу көпүрө катары даярдоого карата сезим туйгулары реалдуу иш - аракеттери менен айырмаланган инсандарды тарбиялоо жаатындагы мугалим үчүн зарыл  билим, билгичтик жана көндүмдөрдүн тутуму.

Этнопедагогикалык билим берүү - жогорку квалификациялуу адис педагогдорду даярдоо системасынын ажырагыс звеносу, компоненти. Мугалимдин  этнопеда-гогикалык даярдыгы, бир тараптан, инсандын этномаданий  нарк дөөлөттөрүн калып-тандырууга багытталса, экинчи жактан,  чыныгы элдик мугалимдин турмуш образынын мүнөздөмөсү болуп саналат.

Этнопедагогикалык билимдердин көп кырдуу табияты, аларды тыкыр анализдеп, иргеп,  ылгап алуунун атайын критерийлерин иштеп чыгуу зарылдыгын шарттайт. Илимий изилдөөлөргө ошондой өз тажрыйбабызга таянуу менен  этнопедагогикалык билим берүүнүн мазмунун түптөп түзүп чыгуунун төмөнкүдөй **критерийлерин** сунуштоого болот: *репрезентативдүүлүк, тарыхый жана социомаданий  чен-өлчөм, илим таламдуулук, кесип таламдуулук, этнопедагогикалык  билимдердин идеал жараткыч касиетине кароо ж.б.*

***Репрезентативдүүлүк*** – бул сунушталган этнопедагогикалык фактылардын улут-тук маданияттын алкагындагы олуттуулугун мүнөздүүлүгүн, типтүүлүгүн мүнөздөйт.

Репрезентативдүүлүк критерийине ылайык,  этнопедагогикалык билим жана маданиятты мүнөздөгөн маалыматтар  элдик маданияттын көп катмарлуу дөөлөттөрүн түгөл чагылдырган нукура улуттук масштабдагы кенч казыналарга, булактарга не-гизделиши шарт. Ал эми кыргыздарда ичине камтыган педагогикалык ойлордун көп кырдуулугу, мазмундук тереңдиги калк ичинде таралыш масштабы жагынан «Манас» дастанына теңдеш мурас болгон эмес. «Манас» эпосу эл турмушунун бардык тармактарын камтыган, фактыга өзгөчө бай мазмуну кыргыздардын каада салттарынан тартып, эл тагдырында орчундуу мааниге ээ окуяларга чейин, башынан өткөргөн ар кыл мезгилдеги эл тиричилигинин көрүнүштөрү, жашоо, жаратылыш, коом, жакшылык - жамандык, пайда - зыян жөнүндөгү түшүнүктөрү, ишенимдери, жүрүш - туруш нормалары, медициналык, астрономиялык, укуктук, педагогикалык  ж.б. билимдери, ошондой эле соода-сатык мамилелери жана башкалар жөнүндө бай, баалуу маалыматтар берет. Дастандын бул өзгөчөлүгүн 19- жүз жылдыкта эле казак окумуштуусу Ч.Валиханов туура баамдап: «..кыргыз турмушунун көркөм энциклопедиясы» -деп жогору баа берген.[ **3, 112** ]  Ал эми азыркы замандын педагогика илиминин көрүнүктүү өкүлү, этнопедагогика илиминин негиз салуучусу Г.Н.Волков: «Манас» эпосу айкын педагогикалык мүнөзгө ээ. Анын саптарында ар намыс, атуулдук ариет, мээнеткечтик, Ата мекендин ыйыктыгы, үй бүлөдөгү ынтымак ырашкерлик, инсандар аралык адамгерчиликтүү мамилелер, улут аралык достук жана кызматташтык, аял затына,  улгайган адамдарга  урматтоо менен мамиле кылуу, балдардын таалим тарбиясы, келечеги үчүн кам көрүү, табиятка сарамжал мамиле кылуу, айкөлдүк, аруулук сыяктуу жалпы адамзаттык маанидеги  көп кырдуу

педагогикалык идеялар камтылган»,- деп жазган. [**4, 275**]. Кыргыз этнопедагогикасы боюнча изилдөөчү Т.Ормонов «Манас» эпосу кыргыз элинин «педагогикалык пансофиясы» (бардык акыл билимдеринин жыйындысы) катары бааланууга тийиш», –деп эсептейт [5, **128]** Кыргыз элинин улуу жазуучусу Ч Айтматов «Манастын» бүгүнкү күндөгү мааниси жөнүндө ой толгоп, мындай дейт: «Манас» - өзүбүзгө өзүбүздү тааныткан улуу зат. «Манас» аркылуу биз өзүбүздү-өзүбүз бекемдейбиз, ким экенибизди далилдейбиз жана келечекке көз таштайбыз. Ал - ар бир урпак үчүн руханий кубат».**[1, 47**].

***Тарыхый жана социомаданий чен-өлчөм.*** Бул критерий элдик-педагогикалык билимдерди өтүмүш, учур чак, келечектин контекстинде акыл сыдыргысынан өткөрүп, мезгил сыноосунан өткөн прогрессивдүү дөөлөттөрүн гана педагогикалык билим берүүнүн мазмунуна жалгаштырууну талап кылат. Ырасында эле, өткөндүн педа-гогикалык мурастарын окуу материалы катары кайра иштеп чыгууда кумдан алтынды издегендей кылдаттык зарыл. Сокур патриотизмге азгырылып, өткөндү көкөлөтүп, дурус-бурушун ылгабай, улутка болуп көрбөгөндөй улуу касиеттерди жамоого, элдин эзелтен тутуп келген каада-салт, үрп-адаттарынын баарысын эски деп этибарга албай коюуга да болбойт.

**Илимийлүүлүк.** Бул принциптин талаптарына ылайык, этнопедагогикалык билим берүүнүн мазмуну илимий жактан күмөн туудурбаган көз караштар, фактылардын жоболордун негизинде гана курулушу шарт. Этнопедагогикалык билим берүүнүн мазмунун уламыш, дастан, санжыралардын мотивинде кураштырууга ыктап, илимий жоболорду бурмалоо, ашкере жөнөкөйлөштүрүп жиберүүдөн сак болгон ийги. Анын мазмунундагы негизги түшүнүктөр, жоболор, теориялык маселелер илимдин өнүгүшүнүн соңку талаптарына шайкеш келиши абзел.

**Кесип таламдуулук.** Этнопедагогикалык билимдерди тандап иргеп алууда эң обол ошол билимдер болочок мугалимдин инсанын, этномаданий таалим-тарбиянын милдеттерин ишке ашырууга байланыштуу кесиптик камылгасын өнүктүрүүгө канчалык деңгээлде салым кошо алат деген маселе көңүл борборунда болушу шарт. Мугалимдин этнопедагогикалык билимдеринин курамын иштеп чыгуу процессинде этомаданий таалим-тарбияга негиз болгон теориялык–методологиялык билимдер менен аны жүзөгө ашыруу үчүн зарыл инструменталдык-технологиялык билимдердин өз ара эриш-аркак биримдигин камсыз кылышыбыз зарыл. Болочок мугалимдерди этномаданий таалим-тарбия ишине даярдоо ишинин деңгээли илимий маалыматтардын максималдуу көптүгүнө эмес, эң обол алардын балдардын ишенимдерин, нарк–нускаларын өнүктүрүүгө, өзгөртүүгө таасир көрсөтүүчү дараметине көбүрөөк көз каранды.

**Этнопедагогикалык билимдердин идеал жараткыч касиетине кароо.** Асыресе, этнопедагогикалык билимдерди өздөштүрүү процессинде көркөм сөз үлгүлөрүндөгү эпикалык жана тарыхый инсандардын өмүр үлгүлөрүн, өрнөктөрүн, демейки аң-сезим деңгээлиндеги эстетикалык, этикалык категорияларды аңдоо, талдоо элементтери басымдуулук кылат. Болочок мугалимдердин этнопедагогикалык көз караштарынын өзөгүндө миңдеген муундардын акыл дарамети аркылуу эчен ирет алымчаланып кошумчаланып, асылдандырылып, эчен кылымдык сыноолордон өтүп олтуруп азыркы абалга жеткен түптүү гуманисттик идеалдар жатышы зарыл. Башка калктар сыяктуу эле кыргыздарда адам инсанынын моделин чагылдырган түптүү түшүнүктөр арбын. Кыргыздар сырт турпаты менен рухий көрөңгөсү шайкеш, төгөрөгү төп инсанды «чыныгы адам», «адамдын асылы», «адамдын адамы» деп сыпатташкан. Адатта, дүйнөдөн көзү өткөн, журт сүймөнчүлүгүнө татыктуу инсанды «андай адам кайра жаралбас», «кайран жан, адамдын адамы эле» деп, анын өрнөктүү жорук-жосундарын тирүүлөр үчүн үлгү тутушат.

Ата-бабалардын «чыныгы адам», «адам манызы» жөнүндөгү ой толгоолору, акыл тыянактары, өзгөчө, фольклордук чыгармаларда ар тараптуу чагылдырылган. Алсак, уламыш, аңыз-аңгеме, жомоктордогу Акыл Карачач, Жээренче чечен, Карач баатыр, Алдар көсө, Асан Кайгы, эпостордогу Манас, Бакай, Алмамбет, Семетей, Кошой, Ак

Балта, Эр Табылды, Курманбек сыяктуу элдин сүймөнчүлүгүнө айланган каар-мандардын образдарына этнопедагогикалык талдоо жүргүзүү, кыргыз элинин «чыныгы адам» жөнүндөгү түшүнүктөрүн ар тараптуу андап-түшүнүүгө жардам берет. Кыргыз элинин тарбия концепциясында уул балдар менен кыздардын идеалы алардын үй-бүлөлүк жана коомдук турмуштагы ордуна, функциясына карай өз алдынча, өзгөчө мерчемдер менен аныкталган. Атап айтсак, уул балдарды тарбиялоонун идеалы байыркы доорлордон азыркы күнгө чейин «Эр жигит» деген түшүнүк менен туюнтулуп келет. Бул түшүнүктүн мазмуну түбү бир түрк элдеринин баарында бирдей кабылданышы - алардын педагогикалык маданиятынын кыртышы бир экендигинин дагы бир далили. Кыргыз элинин «Эр жигит» жөнүндөгү түшүнүгүндө «Манас» эпосундагы идеалдуу инсан жөнүндөгү адеп-ахлактык чен өлчөмдөрдүн таасири да ачык байкалат. Демек, «Эр жигит» түшүнүгү - калайык-калктын уул балдарды тарбиялоого байланышкан акыл туюмунун, тарыхый тажрыйбаларынын туундусу.

Салыштыра алганда, «Эр жигит» идеалынын мазмуну орус элиндеги «азамат уул» (добрый молодец), жапон элиндеги «самурай», англичандардагы «жентельмен» деген түшүнүктөргө жакын. Алардын баарына тең эле албеттүүлүк, эр жүрөктүүлүк, тайманбастык, кичи пейилдик, калыстык, шайыр-шайдооттук сыяктуу жалпы касиеттер мүнөздүү. Демек, жигит идеалынын мазмуну жалпы адамзаттык нарк дөөлөттөргө шайкеш.

Аныкталган принцип жана критерийлер гуманитардык сабактардын мазмунун этно-маданий таалим-тарбиянын теория жана практикасына байланыштуу билимдер менен курстан курска карай концентрдик ыкма менен улам кеңейтип тереңдетип олтурууга мүмкүнчүлүк берет. Изилдөө процессинде жогорку педагогикалык окуу жайлардын окуу планындагы гуманитардык сабактардын көпчүлүгү студенттерди этнопедагогикалык жактан даярдоо милдеттерин ар түрдүү деңгээлде аркалай алат деген ишенимге келдик. Эң обол мугалимдин этнопедагогикалык даярдыгынын мазмуну философиялык, тары-хый, этнопедагогикалык, психологиялык, педагогикалык, методикалык билим-дерден интеграциялана турганын көңүлгө тутуу менен, ошол предметтерге көбүрөөк басым жасадык. Ошол максатта аталган предметтердин программалык мазмуну этно-педагогикалык билимдердин негизинде олуттуу өркүндөтүлдү. Болочок муга-лимдерди этнопедагогикалык жактан даярдоо системасында борбордук орун «**Кыргыз этнопедагогикасы»** нормативдик курсуна таандык.

Концепцияга ылайык, аталган курстун максаты төмөнкүдөй милдеттер менен айкындалды:

- студенттердин элдик педагогикалык рухий-ыймандык нарк-дөөлөттөрдү сактоого, окуп-үйрөнүүгө, иликтеп-изилдөөгө жана жайылтууга ынтызарлыгын андан ары өнүктүрүү;
- элдин жашоо-турмушу, улуттун кулк-мүнөзү, жигер-дымагы, менталдык-психологиялык сапаттары, педагогикалык көз караштары, тарбия-тажрыйбалары, адептик-этикалык салттары жөнүндөгү башка сабактардан алган илимий билимдерин иретке салуу, кенемтесин толуктоо;
- элдик педагогикалык дөөлөттөрдү тынымсыз өнүгүү абалында түшүнүү жана этномаданий таалим-тарбия жумуштарын долборлоодо эски менен жаңынын элементтерин дайыма терең талдап, кылдат эске алууга умтулуусун калыптоо;
- этномаданий таалим-тарбия жаатында программалык, дидактикалык материалдарды түзө билүү боюнча баштапкы тажрыйбага ээ кылуу ж.б.

Болочок мугалим-тарбиячыларды даярдоонун логикасына ылайык, курстун маз-муну төмөнкүдөй логикалык ырааттуулукта түзүлдү.

"Этнопедагогика жана элдик педагогиканын жалпы негиздери" деп аталган биринчи бөлүм төмөнкү маселелерди өз ичине камтыйт: этнопедагогика илиминин предмети, милдеттери, улуу педагогдордун, маданий ишмерлердин мурастарындагы элдик тарбиялык салттар; педагогикалык маданияттардын жалпылык көрүнүштөрү; элдик педагогика – билим, ык, навык, устаттык маданият; элдик педагогиканын булак-тарын иликтөө; этнопедагогиканын башка илимдер менен болгон байланышы; кыргыз элинин

тарыхы этнопедагогикалык маданиятын аныктоочу фактору катары; кыргыз эл педагогикасынын негизги түшүнүктөрү; кыргыз эл педагогикасындагы төгөрөгү төп келген адамды тарбиялоонун идеалы; куралтык мезгилге карата элдик педагогикалык мүнөздөмө; кош кабат жана толук педагогикалык цикл; кыргыз эл педагогикасындагы теңирчилик жана ислам дининин салттары.

Экинчи үлкөн бөлүм "Кыргыз эл педагогикасындагы тарбиялоонун маңызы, мазмуну жана методдору" деп аталат. Анда кыргыз калкынын жаш муундарды эмгекти сүйүүгө жана эмгекчилдикке, ыймандуулукка, акыл-эске, ден соолугун чыңдоого, эрктүүлүк сапаттарын өстүрүүгө, кооздукту баалоого жана жарата билүүгө тарбиялоо боюнча нускалуу осуят, насыяттары, билимдери, тажрыйбалары кеңири ачылып көрсөтүлөт. Кыскасы,бул бөлүмдөн студенттер кыргыз эл педагогикасынын карыбас тарбия идеалдары боюнча кеңири маалымат алуулары тийиш.

"Салттуу тарбиялык маданият жана аны азыркы тарбия процессинде колдонуунун жолдору" деп аталган үчүнчү бөлүмдө элдик педагогиканын бай салттарын окуу-тарбия жараянында пайдалануунун айрым амалияттык маселелери ачылып көрсөтүлөт. Үчүнчү бөлүмдүн айрым темалары үчүн алардын мазмуну курс окутулган факультеттердин жана студенттердин алдындагы педагогикалык ишмердүүлүктөрдүн мазмунуна жараша окутуучу тарабынан айрым өзгөртүүлөрдү киргизүүнү талап кылат.

Мугалимдерди этнопедагогикалык жактан даярдоо ишин жалгыз эле билимдердин мазмунун жаңылоо, өркүндөтүү жолу менен чече коюу мүмкүн эмес. Көптөгөн милдеттер тандалып алынган адекваттуу методикалык стратегияларга жараша чындыкка айланат. Изилдөө процесси жана анын натыйжалары мугалимдерди этнопедагогикалык жактан даярдоо ишиндеги жемиштүү, кайтарымдуу методдор катары төмөнкүлөрдү айкындоого мүмкүнчүлүк берди. Алар проблемалык лекция (студенттердин этнопедагогикалык таанып процессин изилдөө ишмердүүлүгүнө жакындатат); **Талкуу, дискуссия, рефлекция методдору** (этнопедагогикалык кубулуштарды, дөөлөттөрдү өз алдынча баалоо жөндөмүн өнүктүрөт); **термино-логиялык диктанттар жана сүйлөм кемтигин толуктама ыкмалары** ( этнопедагогикалык түшүнүктөр жана категориялар боюнча билимдерин тактап иретке келтирет); **этнопедагогикалык тексттерди анализдөө методу** (көркөм сөз үлгү-лөрүндөгү педагогикалык идеяларды талдап интерпретациялоо жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталат); **Өрнөк окуяны талдоо методу - Метод анализа ситуаций - Case study** (кырдаалды талдоо, кырдаалдан чыгуу, альтернативаларды баалоо, оптималдуу вариантты аныктоо билгичтигин өнүктүрөт) ж.б.

Мугалимдерди этнопедагогикалык жактан даярдоо процессин оптималдаш-тырууда биздин тажрыйбабызда биринчи жолу сунушталып сыноодон өтүп жаткан этнопедагогикалык практиканын орду олуттуу.

Студенттер сабактарда өздөштүрүлгөн этнопедагогикалык билимдерди реалдуу турмуш чөйрөсүндөгү педагогикалык кубулуштар менен салыштырып талдоо, элдик педагогикалык маданиятты кайнаган булагында, жердеген жеринде үйрөнүү, изилдөө, элдин таалим-тарбия тажрыйбалары боюнча маалыматтарды топтоо сыяктуу тажрый-баларга этнопедагогикалык практика учурунда ээ болушат. Педагогикалык окуу жай-лардын курчап турган чөйрөнүн педагогикалык маданиятынын мейкиндиги дөөлөттөрү, ал дөөлөттөрдү жараткан элдик таалимчи–тарбиячылар менен байланышы да дал ушул этнопедагогикалык практика аркылуу жүзөгө ашат.

Мугалимдерди этнопедагогикалык жактан даярдоо боюнча жогорудагы жобо-лордун майнаптуулугун, кайтарымдуулугун аныктоо үчүн автор Ош жана Жалал-Абад университеттеринин базасында бир канча жылдарды ичине камтыган эксперименталдык жумуштарды жүргүзгөн. Болочок мугалимдерде көздөлгөн кесиптик камылганы калыптандыруу (формирующий) экспериментинин жүрүшүн илимий-маалыматтык жана методикалык жактан камсыздоо максатында автор тарабынан «Педагогика» курсунун этнопедагогикалык өңүттө өркүндөтүлгөн программасы (1993); «Кыргыз этнопедагогикасы» боюнча окуу программа (1993), методикалык колдонмо (1994), окуу курал (1997); «Кыргыз элинин билим берүү салттары» (2001), «Көөнө түрк педагогикалык мурастары» (2003) деген аталыштагы окуу куралдар; «Таалим-тарбия терминдеринин

чечмелеме сөздүгү» (2002); «Окутуунун жалпы методдору» (2004) аттуу окуу китеп жана башка эмгектер жарыяланып сунушталган. Жалпы педагогикалык билим берүүнүн этномаданий компонентин өркүндөтүү боюнча автордун көз караштары, нускамалары башкалар менен авторлошуп даярдалган «Педагогика» курсу боюнча лекцияларда (1998), «Мугалимдик кесипке киришүү» (2002) окуу китебинде да орун алган.

Мындан тышкары, автор тарабынан мугалимдерди этнопедагогикалык жактан даярдоо үчүн маалыматтык-ресурстук, методикалык озуйпаны аркалаган макалалары мезгилдүү педагогикалык басылмаларда байма-бай жарыяланып, эксперименттин катышуучуларына тааныштырылып турган.

Изилдөөнүн натыйжалары боюнча жүргүзүлгөн диагностикалык, аналитикалык жумуштар сунуш кылынган иш - чаралар мугалимдердин этнопедагогикалык жактан даярдыгын калыптандырууга олуттуу таасир эткендиги тастыктады.

**Адабияттар;**


1. Айтматов Ч. Кумурадан чыккан баш сөөгү же түрктөр тарыхына көз караш // Ала-Тоо. -1996. - № 3.
2. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. - Бишкек, 1996.
3. Валиханов Ч. Избранные сочинения. - Алмата, 1958.
4. Волков Г.Н. Этнопедагогика. – Чебоксары, 1974.
5. Ормонов Т. Педагогическая «пансофия» киргизского народа // Советская педагогика. - 1978, - № 1. - С. 128-134.